Кафедранын 2023-жылдын «05»
сентябрь айындагы № 1
кеңешмесинде бекитилген.
Цикл башчысы ________ Орозалиев Н.Б.

## СТУДЕНТТЕРДИН ИЛИМИЙ ИЙРИМИНИН УСТАВДАРЫ ЖАНА ЖОБОЛОРУ

Стундenttердин илимий коомчулугу жана Жаш Окумуштуулар кеңешинин негизги нормалык актылары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. **СИИнин (студенттердин илимий ийрими) уставы.**
2. **СИИнин кеңешинин негизги мазмуну.**
3. **ЖОКинин негизги мазмуну.**
4. **ОшМУнун медициналык колледжинин (МК) уставы.**
5. **КР "Жалпы коомчулук биригүүнүн" №82 закону.**

**Жалпы жоболору:**

- МК СИИ коммерциялык багытта эмес, студенттердин жеке кызыкчылыгы менен студенттердин илимий-изилдөө иштерин жогорулатуу максатында түзүлгөн.
- СИИ ОшМУнун МК. уставдары жана мыйзамдарынын негизинде жетектелет.
- СИИнин уставы ОшМУнун МК педогогикалык кеңешинде: кафедра башчыларынын жана СИИнин илимий жетекчилеринин алып чыгуулары менен кабыл алынат жана МК директору тарабынан бекитилет.
- СИИ кайсыл бир адамдын жеке кызыкчылыгы үчүн иштебейт.
- СИИ мамлекеттик каттоосуз иш алып барат.
- СИИ өзүнө таандык эмблемалар, штамптар жана кагаз иштери менен иш алып барат.
- СИИ ОшМУнун МК администрациясы менен келишимде жана тыгыз байланышта иш алып барат.
- СИИнин укуктук кызыкчылыктарын ОшМУнун МК колдойт.
- СИИнин дареги: Ош шаары.Исанова көчөсү 77. "Жалпы мед. дисцип. кафедр." 210-кабинети.

**ОшМУнун туденттердин илимий ийриминин негизги милдеттери жана максаттары**

1. СИИ негизги максаты медицина илиминин өнүгүүсүн жана жайылуусун окуучулардын жана башка орто жана жогорку окуу жайлардын арасында камсыз кылуу.
2. ОшМУ МК СИИ максаттарына жетүү үчүн төмөндөгүдөй иштерди алып барат:

- ✓ "Жалпы мед. дисциплиналар кафедрасында": жаңы илимий ийримдердин пайда болуусуна жардам берүү, студенттердин арасында окуу жана илим изилдөө багыттарын жогорулатуу жана жайылтуу.
- ✓ Илимий конференцияларды, симпозиумдарды, тегерек столду, семинарларды байма-бай өткөрүп туруу, Кыргызстандагы башка окуу жайлар менен алыскы чет өлкөдөгү окуу жайлар менен тыгыз байланышта болуу. МК студенттердин жогорку окуу жайлар арасында жана эл аралык деңгээлде өткөрүлүп жаткан илимий конференцияларга, симпозиумдарга, семинарларга катышып жаңы маалыматтарды алууга шарт түзүп берүү.
- ✓ Студенттердин кафедралар, педогогикалык кеңеш, директор менен байланышын камсыздоо жана студенттерге стипендия алууга жетиштирүү, моралдык жана материялдык жактан камсыз кылуу. МК СИИ мыйзамдын жана уставдын негизинде иш алып барат.

**2. Студенттердин илимий иштеринин жүрүүсүн пландаштыруу, уюштуруу жана бир калыпка салуу.**

2.1. Ар бир студент өзүнүн жөндөмүнө жараша өз алдынча илим изилдөөдө темаларды тандай алат.

2.2. Тема тандоодо студент ийримдин жетекчиси менен макулдашат жана илимий жетекчисинин алдында ал теманын үстүндө иш алып барат.

2.3. Ийримдин материалдык техникалык камсыздоосун "Жалпы мед. дисцип. кафедрасы" уюштурат. Студенттердин илимий иштери ОшМУнун базасында жүргүзүлөт.

2.4. СИИ илимий изилдөө иштерин аткарууда, укуктарды түзүүдө жана башка маселелерде өзүлөрүнүн кафедрадан түзүлгөн илимий жетекчилерин көрсөтүүгө тийиш.

2.5. СИИ иштери жыл сайын кафедра башчысынын талабы менен СИИнин жетекчилиги тарабынан аткарылган иштери боюнча отчет берип турууга милдеттүү

***3. ОшМУнун МК СИИ укуктары жана милдеттери. Укуктары:***

*3.1. Иш-аракеттери жөнүндө маалыматтарды кенен жайылтууга;*

*3.2. Коммерциялык эмес иш-аракеттерди алып барууга;*

3.3. ОшМУнун МК уставынын негизинде өзүлөрүнүн мүчөлөрүнүн кызыкчылыгын коргоого;
4.4. Коомчулукта кабыл алынган закондун негизинде өзүнүн ыйгарым укуктарын бекитүүгө.

**5. ОшМУнун МК СИИ түзүмү (курамы)**

5.1. СИИ кафедраларда түзүлгөн ийримдерден куралат.

5.2. СИИде студенттердин саны кафедранын мугалимдеринин көрсөтүүсү боюнча же студенттердин жеке көрсөтүүлөрү боюнча түзүлөт. Ийримдердин түзүлүүсү кафедранын документтеринде протоколдоштуруу менен киргизилет.

5.3. Ийримдин жетекчиси кафедра башчысынын көрсөтүүсү менен жыл сайын бекитилип турат жана протоколдоштурулат. Ийримдин жетекчиси,анын жардамчысы жана катчысы студенттердин санына жараша жыл сайын кафедра башчысы тарабынан жыйындарда бекитилет.

**6. СИИ мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери.**

6.1. СИИ мүчөлөрү болуп ОшМУнун илимде жигердүү аракеттенген студенттери шайланышы мүмкүн.

6.2. СИИ мүчөлөрү ыктыярдуу студенттердин катарынан түзүлөт.

6.3. ОшМУнун МК СИИ мүчөлөрү төмөндөгүдөй укуктарга ээ: СИИ жүргүзүлүп жаткан бардык иш-чараларга катышууга; СИИ түзүлүшүнө катышууга, кандайдыр бир сунуштарды берүүгө, туура эмес нерселерди көрсөтүүгө; СИИ де болуп жаткан бардык маалыматтарды алууга укуктуу.

6.4. СИИнин мүчөлөрүнүн милдеттери: ОшМУнун МК СИИнин уставдарын аткарууга; СИИнин иш-аракеттерине катышууга; СИИнин жетекчилери тарабынан кабыл алынган иш-аракеттерди аткарууга; СИИ иш-аракеттерин жайылтууга; МК СИИ аброюн көтөрүүгө таасирин тийгизүүгө.

6.5. ОшМУнун МК СИИ мүчөлөрү өзүнүн каалоосу менен СИИ мүчөлүгүнөн кайсыл мезгилде болсо дагы чыгууга укуктуу.

6.6. ОшМУнун МК СИИ мүчөлүгүнөн чыгуу окуу жайды аяктаганына байланыштуужана СИИ уставдарын бузууда да жүргүзүлөт.

**7. ОшМУнун СИИ жетектөө, аткаруу жана көзөмөлдөө органдары.**

7.1. Жогорку башкаруу органы болуп ОшМУнун МК СИИ нин кеңеши болуп эсептелет.

7.2. ОшМУнун МК СИИ нин кеңеши жыл сайын ийримдер менен жигердүү иш алып барган студенттердин катарынан толукталат же кафедра башчысынын макулдугу менен СИИнин илимий жетекчилери тарабынан түзүлөт.

7.3. ОшМУнун МК СИИ кеңеши СИИнин дайым аткаруучу, аракетчил коллективдин органы болуп эсептелет.

7.4. ОшМУ МК СИИ кеңеши уставдын тапшырмаларды уюштуруу жана аткарууну, СИИнин иштерин аткарууну көзөмөлдөп турат.

7.5. ОшМУнун МК СИИ кеңеши өзүнүн жыйынын талапка ылайык же болбосо 2 айда 1ден кем эмес өткөрүп турат. Жыйындын өтүүсү СИИнин кеңешинин мүчөлөрүнүн 2/3 бөлүгү катышканда өтүлдү деп эсептелет.Чечимдер колго салуу аркылуу кабыл алынат. Эгерде кеңештин мүчөлөрүнүн кол көтөрүүсү тең абалда болуп калуусу болсо анда кеңештин жетекчилиги аркылуу кабыл алынат.

7.6. ОшМУнун МК СИИ кеңешинин төрагасы СИИнин кеңешинин иш-аракеттерин жетектейт жана ал СИИ нин кеңешинде мүчөлөрү аркылуу 2 жылга бекитилет жана жаңы төрага шайланганга чейин иш алып барат.

7.7. СИИнин кеңешинин төрагасы ОшМУнун МК СИИ нин кеңешинин чечимдеринин аткаруусун көзөмөлгө алып турат.

7.8. СИИнин методикалык жетекчилигин кафедра башчысы аткарат.

7.9. СИИнин кеңешинин негизги укугу болуп: СИИнин уставына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү болуп эсептелет. Ийримдердин жетекчилиги көрсөткөн талапкерлерди киргизүүлөрүнүн

**8. ОшМУнун МК СИИнин уставынын өзгөрүү жана толуктоо** иретке келтирилүүсү.

8.1. Уставга өзгөртүү жана толуктоо киргизүүлөрү педогогикалык кеңеште кабыл алынат.

9. ОшМУнун МК СИИнин иш-аракеттеринин токтотулуусу жана кайра түзүлүүсү.

9.1. СИИнин иш-аракеттеринин токтотулуусу жана кайра түзүлүүсү. СИИнин кеңешинин чечими аркылуу мыйзамдын негизинде жүргүзүлөт.

СИИнин иш-аракеттеринин токтотулуусу менен анын каражаттары жана байлыктары ОшМУнун МКне өткөрүлүп берилет.

**Ийримдин жетекчиси: ____________ Исираилов Н.К.**